*Сулайман Рысбаев, п.и.д., профессор,*

*КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер*

*7-май, 2012-жыл*

## КЫРГЫЗДЫН УЛУТТУК ЫЙЫКТЫКТАРЫ

Албетте, эгемендүүлүк күнүнөн бери мамлекеттик символдорубузду жаңыртып, кайрадан кабыл алып, алар менен сыймыктанып келебиз. Алар: Туубуз, Герибиз жана Гимнибиз. Бул символдор- биздин саясий символдорубуз. Алардан сырткары, эзелтен бери калыптанып, элибиз сыймыктанып келген улуттук ыйык түшүнүктөрүбүз (символдорубуз) да бар. Алар кайсылар? Мисалы:

Улуттук Туубуз

Улуттук Гимнибиз

Улуттук Гербибиз

Улуттук акчабыз- сом

Улуттук эмблемабыз- түндүк

Улуттук баатырыбыз- Манас

Улуттук эпосубуз - «Манас» эпосу

Улуттук майрамыбыз-Эгемендик күн

Улуттук тообуз- Ала-Тоо

Улуттук көлүбүз- Ысык-Көл

Улуттук дарыябыз- Нарын

Улуттук баш кийимибиз- Ак калпак, Ак элечек

Улуттук идишибиз- көөкөр

Улуттук жануябыз -Боз үй

Улуттук музыкалык аспабыбыз- комуз

Улуттук суусундугубуз- кымыз

Улуттук нарк- меймандостук

Улуттук ырыбыз- «Кыргыз жери», сөзү- Т.Байзаковдуку, обону – А.Жайнаковдуку.

Улуттук  жазуучубуз- Ч.Айтматов

Улуттук илимпозубуз- К.Тыныстанов

Улуттук саясий ишмерибиз- Барсбек каган

Улуттук канаттуубуз- Бүркүт

Улуттук гүлүбүз- Айгүл гүлү

Улуттук жемиш- жаңгак

Улуттук үй жаныбарыбыз- жылкы

Улуттук тоо жаныбарыбыз-аркар

Улуттук спорт оюнубуз- көкбөрү

Улуттук  тамак –бешбармак

Улуттук дарагыбыз- арча

Урматтуу замандаш! Бүгүнкү күндө дүйнөдөгү  «бренд»  деген аталыш менен ар бир элдин, улуттун сыймыктанган, аздектеген ысымдары жана буюмдары даңазаланып жаткан  чакта, биз дагы улуттук сыймыктуу ыйык түшүнүктөрүбүздү (символдорубузду),  ысымдарыбыз жана буюмдарыбызды даңазалап, коргоп, сактап жашашыбыз керек!  Алар – биздин «тааныткычыбыз» (визиткабыз), биз аларды дүйнөгө тааныталы, алар-бизди дүйнөгө таанытсын.

Урпактарыбыз унутпай, биле жүрсүн.

Сиз дагы оюңузду кошуңуз, замандаш!